Бакыт Орунбеков



# КАРБОЗ АТА
## ЖАНА БАБАЛАРЫ

Бакыт Орунбеков

# КАРБОЗ АТА
## ЖАНА БАБАЛАРЫ

*публицистикалык-*
*тарыхый, санжыра-очерк*

[redacted]

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
О 71

**Орунбеков Б.О.**
О 71 **КАРБОЗ АТА ЖАНА БАБАЛАРЫ**: Публицистикалык-тарыхый санжыра-очерк. –Б.: «Турар», 2014,–52 б.

*Китептин мукабасында Т.Герцендин сүрөтү пайдаланылды.*

***Бул китепти ардактуу атам Орунбекке арнайм.***
***Автор.***

ISBN 978-9967-27-451-8

Бул китепте 19-кылымда Тогуз-Торо өрөөнүндө жашаган, кыргыздын Саяк уруусунун Каба уругунан тараган урпагы Карбоз бийдин өмүр жолу, анын бабаларынын баатырдыгы, баскан изи, эл үчүн жасаган эмгеги, анын урпактары жөнүндө тарыхый-документалдык жана санжыралык негизде кеп болот. Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

О 4702300400-14

ISBN 978-9967-27-451-8

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
© Орунбеков Б.О., 2014

# Карбоз Ата

Кыргызда "жети атасын билбеген кул" деп коет. Ошондуктан ар бир кыргыз жок дегенде жети атасын билүү милдет. Мисалы, менин - Бакыттын атасы – Орунбек, чоң атам – Көчөр, бабам – Түйтө, жетем – Эрманбет, жотом – Карбоз, зиминим – Манаке, кубарым – Жайыл, жетинчи атам наркым – Шамаке, сегизинчи атам задиним – Актери, тогузунчу атам тегиним – Түнтөй, онунчу атам кубатым – Качканак, он биринчи атам таянычым – КАБА болот. Ошентип колдон келсе кырк атага чейин билип алса жаман болбойт. Ушул китепчени окуган тууганыма, жалпы окурманга ушул тилекти билдирем.

Карбоз Манаке уулу – Саяк уруусунан чыккан Каба уругунун урпагы. Ал болжолуу 19-кылымдын башында Тогуз-Торонун азыркы Көк-Ирим айыл аймагында туулуп, ушул эле жерде 20-кылымдын башында 100 жаштан ашык жашап өткөн адам. Карбоз ата Шанабай, Ажыбек, Койчуман болуп төрт бир тууган болгон. Санжырадагы маалыматтарга таянсак Карбоз ата-теги менен эле ушул аймактарды мекендеп келген, башка жактан ооп келгени же башка жакка журт которгону айтылбайт. Кабанын тукумдары Кетмен-Төбөдө көп жашагандыктан алар менен тыгыз ала-катышы, тууганчылык байланышы күч болгон. Кыргыз тарыхында айтылып, жазылып калган Кабанын айтылуу тукуму Хан Садыр менен тогузторолук кабалардын ортосунда жакшы катыш болгон, кыйын кезеңдерде бири-бирине арка бел болушкан. Хан Садыр жөнүндө төмөндө кеп кылабыз.

Каба тукуму Карбоз жөнүндө өзүнчө сөз кылып жатканыбыздын да себеби бар. Анткени ал өз заманында өрөөндөгү, аны менен канатташ жашаган аймактарда, кийин жалпы кыргызга аты угулган инсан болгон. Эл арасында "Акең Карбоз", "Бай Карбоз" деген ат менен айтылып калган. Ошол эл оозунда, адам көңүлүндө калган атабыз жөнүндөгү аңыз кептерди жыйынтыктап жазып, кайра элдин өзүнө, айрыкча бүгүнкү жаштарга ата-тегин, жети атасын билсин,

бабалардын даңктуу жолун сактап жүрсүн деген ниетте бул китепти сунуп отурам.

Карбоз атанын басып өткөн жолун, анын элге-журтка жасаган эмгегин, артында калтырган осуяттарына үңүлсөк ал кишинин 5 урунтуу учурларын, 5 феноменин байкоого болот.

**Биринчи феномени.** Карбоз жаш кезинен эле башка бир туугандарына караганда тирикараак өсүп чоңоет. Жаш болсо да орбурлуу жүзү, өткүр кеби, чечкиндүү кадамдары менен бат эле эл оозуна алынат. Кыргыз тарыхында 1840-жылы азыркы Балыкчы шаарына жакын жерде кырк уруу кыргыздын тың чыкмалары чогулуп, курултай өткөрүшүп, Сарыбагыштын манабы Ормонду хан көтөрүшүп, жалпы кыргызга башчы кылып шайлашып, улуттун башын бир мамлекетке бириктирүү максатын көздөгөн аракеттер болгону билебиз. Ошол улуу курултайга Карбоз атабыз Тогуз-Торо аймагынын атынан өкүл болуп шайланып, барып катышып келгени айтылып келет. Мына ошондо ал киши "Акең Карбоз" деген атка конгон экен.

Курултайга барып келгенден кийин да анын көп нерсеге көзү ачылганы байкалат. Оң, сол кыргыздардын аттуу-баштуулары менен таанышып, достошуп, карым-катышы арткан, зоболосу дагы бийиктеген. Карбоздун жашы да ал кезде 40-50нүн ортосунда, күчкө-акылга толуп турган кези болот. Карбоз ата, манап болуп, бийлик жүргүзгөн эмес, ал акылы, зирektиги, келечекти сезген көрөгөчтүгү менен "аке" деген атка консо керек.

**Экинчи феномени.** Ал заманда кыргыздар Анжияндан Аркага, Аркадан Анжиянга көбүнчө Тогуз-Торо аркылуу катташчу тура. Ошондо кыргыздын далай аттуу–баштуулары, кербен коштогон соодагерлер же жөн эле улуу-кичүү адамбы  Карбоздун үйүнө түшпөй өтүшчү эмес экен. Анын ак өргөсү дайым тигилип, досторкону жайылып, кою союлуп, кымызы бышылып турганы айтылат. Өзү да Кетмен-Төбө, Жумгал, Суусамыр, Нарын, Ак-Талаа, Өзгөн, аркы Анжиян, берки Алайдын өзүно чейин ат ойнотуп барып, аш-тойго, курултай-жыйындарга барып катышып турганын

көп уктум. Анын бир далили катары атактуу акын, манасчы Актан Тыныбек уулунун 1991-жылы жарык көргөн "Актан" деген китебинин "Алыкенин ашы" деген бөлүмүндө азыркы Нарын районунун аймагынан чыккан Табылды баатыр атасы Алыкеге аш бергени жөнүндө жазылат. Ашка ал жагы Кашкардан, бул жагы Анжиян, Аркадан атуу-баштуу эл жакшылары келгени айтылат. "Бул менен удаалаш Кетмен-Төбөдөн Дыйканбай, Жумгалдан Медет, Качыке баатырлар, кең Чүйдөн Жангарач, эки Кеминден Жантай, көл аягы менен Кочкордон Төрөгелди баатыр, нары жагы Текес, бери жагы Ысык-Көлдөн Зарбек, Боромбай, Мураталы, Токсобай, Ногой, Жунус, Жапек, Алыбек, Балбай, Өмүр баатырлар ар кимиси ондогон төө, бээ, отуздаган кур аттарды алып келип түшүп жатышты. Тогуз-Торо, Кабак жеринен Чоро, базыстан Күрүчбек, тезек элинен, нар жагы Каба тегинен Карбоз, Жанболот, Келдибек, Осмон баатырлар, Калык кара көп киши мене келип калышты" деп жазат Актан Тыныбек уулу аталган китебинде. Карбоз ата айрыкча Кетмен-Төбө, Сузак, Базар-Коргондун эли менен көп куда-сөөктөрдү күткөнүн байкоого болот. Карбоздун неберелери-чөбөрлөрү: Лөлү, Ашырбек, Шери, Көчөр, Ботокан, Акматалы ж.б. чоң аталарыбыздын аялдары-биздин чоң апаларыбыз Үч-Теректин кыздары. Эркетай атанын аялы Акбермет, Арипжан атанын аялы Чынар, өзүмдүн Орунбек атамдын аялы-апам Суусар да Сузактын Ачы аймагынын кыздары эле. Атабыз жасап кеткен кудаа-сөөктүк карым-катыш азыркыга чейин уланып келатат. Мунун өзү Карбоз атанын дагы бир кадыр-баркын, аброюн айтып турат.

**Үчүнчү феномени.** Карбоздун улуу агасы Шанабай нууган арасында түшүнбөстүкөр болуп, үй-бүлөсү менен Ысык-Көлдөгү кабаларга көчүп кетет. Болжолу Кабанын бир баласы Бостеринин тукумдары жашаган азыркы Бостери аймагына барса керек деп айтылат. Анткени Шанабай ата Кабанын бир уулу Актеринин тукумдарынан болгон. Санжырада Бостери менен Актери бир туугандар. Ал бир топ жыл жашап калгандан кийин каза болот. Тогуз-Тородогу

туугандарынын арасында анын сөөгүн алып келүү жөнүндө кеп болуп, бир пикирге келе албай жатканда Карбоз, "бир тууганымдын сөөгүн өзүм алып келем" деп чечкиндүү бүтүм чыгарып, ага-тууганын ынандырып, ишенимдүү жигиттерди жанына алып, жолго аттанат. Көлгө жетип, агасына арнап куран окутуп, этин сөөгүнөн шылып, чаначка салып төөгө жүктөп айтылуу Арсланбап мазарына алып келип, ак кепиндеп коет. Ошол кезде кыргыздын аттуу-баштууларынын баары ал жерге коюлганын эстесек Шанабай атабыз кадыр-барктуу адам болгонун эскертет. Карбоз атабыздын намыска жараган бул иши да аймакка дүң болуп, аброю дагы көтөрүлөт. "Тууганды топурагы алтын" деген ушул белем деген кыргыздын улуу касиетин, ариет ар намысты Карбоз жасады" деп ошол замандан бери уккандарга үлгү болуп келатат.

**Төртүнчү феномени.** Карбоз ата улгайып калган мезгили 19-кылымдын аягы азыркы Кыргызстанды орустар бийлеп турган учурга туш келген. Падышачылык Орусиянын төбөлдөрү жергиликтүү таасирдүү адамдар менен тил табышып иштөөгө мажбур болушкан. Орустар Тогуз-Торого келгенде "Карбоз деген бар экен, жолугуп сүйлөшсөк болобу" деп өтүнүч кылышат. Ага макул болгон атабыз оторчу орустарды кабыл алган. Бир топко сүйлөшүүлөр болгон. Карбоз ата ал учурда карылыкка баш коюп, 100 жашка таяп калганына карабай, коркуп, кошомат кылбай чечкиндүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн, бир топ талаптарды койгон. Ал тургай орустарды "элдин эркине каршы иш жасабагыла" деп эскерткени эл арасында аңыз кепке айланган. "Ошондуктанбы орустар биздин аймакка тишин салып бийлик жүргүзө алган эмес" деп аксакалдар айтып калар эле.

Орустар менен жолуккандагы дагы бир эпизод көп айтылат эл арасында. Карбоз ата карыганда бир кездеги олбурлуу бой келбети, чымыр денесинин эти качып, шалбырап калган болот. "Мени көргүң келсе ушул" деп орустарга кайрылып, салаңдаган төшүнүн этин өйдө көтөрүп

кое бергенде алдында отурган алты айлык баланын башын жаап калыптыр, шалбырап турган колунун эттерин чоюп туруп силккенде билегине ороло түшөт. Ошентип тамаша кылганда орустардын оозу  дагы бир ачылган экен. Анын кайратына, тунук акылына, тамашасына суктанышкан.

**Бешинчи феномени.** Карбоз ата 100 жашка келгенде бир туугандарын, балдарын, жакын туугандарын чогултуп кеңеш курган экен. "Мен бул дүйнөдөн көптү көрдүм: оң-сол кыргызды кыдырдым, Анжиян-Арка жеримди көрдүм, дос күттүм, тууган таптым, опурулуп келген орусту көрдүм. Уул үйлөдүм, кыз чыгардым, куда-сөөк көбөйдү, балдарым: Кадыркул, Кадыма, Эрманбет, Кудагелди, Кармыш, Кенже кашымда, небере, чөбөрө, кыбыра көрдүм. Мага Теңирим берген кудуретимди, кебимди, күчүмдү, акылымды, аракетимди балдарыма, урук-тууганыма, туулуп өскөн жериме, жалпы кыргызга арнадым. Өргөмдөн конок үзүлбөдү, өрүшүм малга, кампам данга толуп турду. Менин бул дүйнөдө арманым жок. Менин кылымга жеткен жашоомдо кыргыз кыйырында тапкан досторумду, мен катташып жүргөн ар бир өрөөндүн эл билермандарын, алыс-жакын туугандарды, куда-сөөктөрдү, дегеле мени тааныган улуу-кичүүнү чакыргыла, көзүмдүн тирүүсүндө аш берейин, кыргыздын ашта боло келген бардык каада-салты өз тартиби, орду менен өтсүн, деген оюм бар, пикириңерди айткыла" дейт Карбоз ата. Кереге кеңешке келген туугандар бир топко тунжурап калышат. "Менин өмүрүм, баскан жолум, жасаган эмгегим, тарбиялаган балдарымдын, тапкан байлыгымдын өтөлгөсүн, баасын өлө электе көрөйүн" деп Карбоз ата кайра сөздү улаганда чогулгандар сөзгө муюп, аш берүүгө баары макул болушат.

Ашка катуу даярдык көрүлө баштайт. Чакырылуучу конокторго алты ай мурда ат чаптырып чабаганчылар жөнөтүлөт. Аш өтчү убакыт үркөр кирген, чөп бышкан, күн салкындаган, мал семирген маалга коюлат. Тогуз-Торонун шартын эске алып ашуу-бел жабыла электе дешип, азыркыча айтканда болжолуу август айында өтөт. Ашка даярданыш

үчүн короо-короо кой, үйү-үйүр жылкы айдап Анжиян, Оштун базарына түшүшөт, керектүү болгон буюм-тайымды, азык-түлүктү, мөмө-жемиш жүктөгөн төө кербени чубатып кайра Тогуз-Торого келишкен экен.

Карбоз атанын ашы Кара-Булак жайлоосунун төрүндөгү Кең-Саз деген жашыл, кең майсанда өткөн. Бул окуяга байланыштуу жер аттары көп, азыр да сакталып айтылып жүрөт. Ашка идиш аяк жетишпейт деп Какен деген устаны алып келишип, алты ай мурда кайыңдан миңдеп табактарды, чөмүчтөрдү чаптырышкан. Бир топ кайың токой кыйылган, ошол жер азыр "Какен кайың" деп аталат. Кунан чапкан жер "Кунан чабуу", тай чапкан жер "Тай чабуу", ашта чабылып, ак кашка күлүк ат өлгөн жер "Ак-Чеке", жамбы (кыятуу) аткан жер "Кыйгачуу" деп аталып жүрөт.

Ашта атайын тигилген кара боз үйдүн уук-керегелерине кара байланып Карбоз атага кошоктор айтылган. Акындар айтышып, ыр-күү жаңырып, элдин көөнүн ачып турган. Ал кездеги акындардын алпы Токтогул да ашка чакырылат, бирок улуу акын 1898-1908-жылдары Сибирде сүргүнгө айдалганы тарыхтан белгилүү. Улуу Токтогул Карбоздун кичүү уулу Кенже бий менен жакшы мамиледе жүрүп, анын үйүндө көп жолу болгону эл оозунда айтылат.

Айтылуу алабукалык Нурмолдо акын да атабыздын ашына келип айтышка түшкөнү жөнүндө кеп бар. Кыргыздын эңиш, улак тартыш, кыз куумай, эр оодарыш, балбан күрөш, жамбы атмай, ат чабуунун бардык түрү ж.б. элдик оюндар болуп, жүздөгөн төө, жылкы, уй, кой байгелерге сайылып турган. Келген конокторго 100 боз үй, 100 аксарбашыл бээ союлганы айтылат.

Карбоз атабыздын ашы болжолуу 1890-жылдардын аягында өткөн. Мына ушундай окуялары, көрүнүштөрү менен атабыздын баскан жолу, айткан кеби, жасаган эмгеги элдин эсинде калган.

Атай айылында жашаган акын, санжырачы, Кабанын тукуму Абдылда уулу Арстаналы атабыз Карбоз атанын ашын минтип ырга салган.

## Карбоз байдын ашы

Аш берүү Көкөтайдан калган мурас,
Аш жөнүндө укканымды жазам бир аз.
Өткөндү көңүлгө алып, эстеп койсок,
Өсүп аткан муун үчүн көптүк кылбас.
Өлгөндөрдү эскерип кыргыз калкы,
Өтүп жүрөт аш берүү элдин салты.

Биле албайм укканымдын жалган чынын,
Бул имиш, мурун өткөн эки кылым.
Уккандын өтүнүчү көп болчу эле,
Ушул сөздөн ката кетсе кечиргиле.
Аш берем деп тирүүмдө жалпы калкка,
Айылынан кеңеш сурайт Карбоз ата.

Аш кеңешин өткөрүп алты ай мурда,
Айттырат Арка, Анжиянга аштын нугун.
Төрт үй тигип, түндүгүнө кара байлап,
Төрт аялын коштурат, тоз деп ыйлап.
Келин, кызы кейишип кара кийип,
Кайгырышат балдары кара ат минип.

Жаткырып кепинге ороп Карбоз байды,
Жалпы ыйлап, аза күтөт туугaн айылы.
Кырк үй тигип келген элди коноктоого,
Көрүшөт алдына ала камылганы.
Төрт төөгө артып келип жемиш таттуу,
Тартип менен күтүшөт келген калкты.

Ондон үй тиктиришип ар бир бийи,
Ойго алынып тамак –аш ишчү чайы.
Салышып жатаганга кордоп бозо,
Санаксыз чанач болду кымыз жайы.
Ар үйгө бирден тай, үчтөн ирик,
Аш ээси да даярдап берет байы.

Келгенде кутчу, мундуз, керки тамга,
Камынат Жунушалы бий тозууга.
Ар үйгө ондон киши болсун дешип,
Атайын касап коет мал союуга.
Ак-Талаа, Нарын жагын Саке тозот,
Ар жагы Кетмен-Төбө Далбай сага.

Жалпы эле өйдөчекти, беш уулдарды,
Жана да калган урук кудайлатты.
Баарысын бап коштуруп майда уруктун,
Багууга Ысырайыл болуш алды.
Жалпы элге отуздай бээ, жүз кой союп,
Жакшы тосуу аш ээсине ыйгарылды.
Ар күнкү аш тартибин тейлөө жагын,
Айтылуу Мамбеталы, Толубай алды.
Жарчыны жар чакырып кабарлачу,
Жалпы ырчыны аштын жайын мактап айтчу.
Өзүнчө өргө тигип тозомун деп,
Өзүнө алды Карбоз байдын Мундузбайы.

Келишип ар тараптан жүздөн киши,
Конок күтүү башталды аштын иши.
Жалпы элге табак тартып, чайын берип,
Жабыла кызмат кылды бир топ киши.
Ичилип суусунуна кымыз, бозо,
Тартылды куйрук, чучук этке кошо.

Эртеси кабар берип жалпы элге,
Эшитти тамашасын жарчы киши.
Биринчи балбан күрөш, эрлер эңиш,
Барат оюн созулуп, жалган түшкө.
Андан со́ң чака чабуу таңып көздү,
Артынан жол берилет ит тартышка.

Андан соң жаачы чыгып жамбы атат,
Азаматтар тандалган улак тартат.

Тандалып таздар чыгып эл алдына,
Таамайлап өпкө менен башка чабат.
Арада өткөрүлгөн кунан чабуу,
Аяктайт аш берүү ошол күнү.

Саналуу үчүнчү күн ат чабуу коного айдап,
Саяпкерлер камдасын атты байлап.
Кыз куумай оюну болот ат келгиче,
Кыз камдап атка чыйрак аны ирээтте.
Арадан айтыш болот акындарга,
Акындар да камынышсын ушул ишке.

Жарчы чыгып экинчи мындай деди,
Жалаң эле байге үчүн болду кеби.
Беш жолу эңиш болот байгеси ат,
Берилбейт байге эңбесе ошондой шарт.
Он жолку күрөш болот байгеси тай,
Оң далысы тийбесе берилбейт тай.

Улак тартуу беш жолу жалпы журтка,
Ушуну айтат төө алат улакчы утса.
Улуу-кичүү уккула айып тартат,
Улакчыны алдынан тосуп атын жыкса.
Улуу ишти тескөөчү калыстар бар,
Уят болот оюндан жаңжал чыкса.

Ит тартыш кайталанат алты жолу,
Ит тартууга бирден тай бар соруну.
Чака чапмай беш жолу көзүн таңып,
Чапкандарга бирден кой бермек болду.
Таз чабышуу үч жолу өпкө менен,
Таздар утса байгеси бар тай алуу.

Кылда учуна шыргыйдын жамбы байлап,
Кыйык атуу беш жолу кайталанат.
Кыйык аткан жуз жамбы байге алат,

Кыз куумай беш жолу кайталанып,
Кыз утса байгесине уй берилип,
Кууган утса байгеге бир ат алат.

Тандалат ат чабууга жалаң кунан,
Атайын өткөрүлүп чубатуудан.
Байге болот кунандын тогузуна,
Баш байгеси бир миң сом эки кара.
Андан соң улам аздан кемий берип,
Арткысына берилет жүз сом гана.

Байге болот туптуура он бир атка,
Баш байгеси он миң сом тогуз кара.
Экинчи атка беш миң сом жети кара,
Үчүнчү атка үч миң сом беш кара,
Төртүнчү атка үч миң сом эки кара,
Бешинчи атка эки миң сом эки кара.

Андан соң кемий берип улам артка,
Акыркы атка бөлүндү эки кара.
Ошентип байге болот он бир атка,
Ойго алып айтканымды алгын жатка.
Калайык калк уккула байге болбойт,
Каттатпай күлүк атын жолдон чапса.

Акындардын айтышында утканына,
Ат берилет токулуу, тон бир жана.
Тантып айткан акынга байге болбойт,
Таамай айткан акынга болот анда.
Калайык калк байгенин чеги ушундай,
Калбагыла бушайманда угуп чала.

Андан соң баштайлы деп тамашаны,
Алып чыгышты күрөшкө Топчубайды.
Табылбай кудайлаттан чыкчу балбан,
Топчубай бир топ убак туруп калды.

Бектен болуш жылдырып Арзыматка,
Барбы эркектен деп узатты тамашаны.

Акыры алып чыгышты кудайлаттар,
Алабаш Казы деген жаш балбанды.
Топчукең жашап калган балбан экен,
Кырк ашып улгайып калган экен.
Кармашта будамайлайм деп жаш балбанды,
Кайдыгер капарга албай турган экен.

Кармашып, камтый тартып теке шымдан,
Казыке буттан орой чалган экен.
Күч атасын тааныбайт деген чын бейм,
Казы мурун камынып калган белем.
Копшолуп Топчу өйдө көтөргөндө,
Казы оодарып жерге уруп салат экен.

Жыгылгандар күрөштөн капа этип,
Жыккандар байгелерин алып бүтүп.
Жарчынын жарыясы кайталанат,
Жаңыдан эр эңишке кезек жетип.
Айгырды азем менен токуп минип,
Алдей балбан дөбөдө турат күтүп.

Ага бет чыкмак экен кутчу, мундуз,
Алардан чыкпай балбан кечигет иш.
Байгени бер, балбан жок алардан деп,
Барышат даекчиге келтирип күч.
Кушубак бий кутчунун билерманы,
Кутчу, мундузга баш Жолборс казы.

Катуу сынып балбан чыкпайт деген сөзгө,
Кушубак бий чакыртат тура калып.
Улак тарткан баласын келтирген соң,
Уулум дейт Алдейге чык кана барып.
Куп ата, чык десеңиз барайын деп,

Калктан сурайт бергиле дейт бата тартып.

Биригип кутчу, мундуз берип бата,
Баласы камчы берип кетет атка.
Улуусуз кезек сизде тартыңыз деп,
Улакчы колун сунат Алдей жакка.
Кармашып колун силкип суурул алып,
Кетишет ажырашып эки жакка.

Мениki эмки кезек алибетте,
Мага кезек бериңиз Алдей аке.
Деп айтып, ээрден алып жалга өткөрүп,
Улуусуз деп, түшүрбөй жерге тартып.
Тору айгырды соорулап жүргөнү жок,
Эңиштетип коe берет ылдый жакка.

Аттан түшпөй тырышып Алдей дагы,
Араң зорго ээрге минет бир убакта.
Жүгөнсүз атын айдап чыгып келет,
Тээ бир убакыт өткөн чакта.
Алдейлеп бала келип суроо берет,
Эңишесизби, кана эми Алдей аке.

Болду уулум байге сендик, мен жеңилдим,
Болбоймун жеңилгени сенден капа.
Ээрден ооп, жалга жеттим тартканың жок,
Эми айтайын ыраазымын балам сага.
Ал сөздү угуп бала барып атасына,
Алдей акем, жеңилдим дейт болду, ата!

Бапырап байге алышып кутчу, мундуз,
Баарысы беришиптир жалпы бата.
Эңиште эңгендери байге алып,
Тең болгону ажырайт куру калып.
Кыйыкты эч ким атып түшүрө албайт,
Кетишет көп мергендер арман кылып.

Тамашанын эң кызыгы таз чабышуу,
Өпкө бүтүп кекиртек колдо калып.
Үч тазга байгесине үч тай берип,
Таздарды узатыптыр жолго салып.
Уткан кыздар уй алышып байгесине,
Уят болот жигиттер жетпей калып.

Улакчылар талашып тай торпокту,
Баттасы экен таштачу аркы кокту.
Кечке тартып ал күнү таштай албай,
Улакчылар жай-жайына таркап кетти.
Эртеси кайра сурап, тартып улак,
Таштап кетип байгени кутчу алат.

Ит тартыш, чака чапмай оюн бүтүп,
Уткандар байге алышат моокум канып.
Кунандан чыккандары байге алышып,
Калганы кайра тартат куру калып.
Тамашанын баары бүтүп өз жайында,
Акындар айтышка өтөт кезек алып.

Акындарга айтышка келип кезек,
Нурмолдого Бошкой чыгат тилин безеп.
Селдесин, шариятын бүт мазактап,
Жамандап Нурмолдону кылат капа.
Жегин деп аны-муну жамандарды,
Кезегин узатыптыр молдо жакка.

Андан соң кезек алып акын молдо,
Астыртан көз жиберип онду-солго.
Айтыптыр Бошкой жакка мындайча жооп,
Өзү келип түштү деп биздин торго.

Сен жаман тондуу Бошкойсуң,
Сен жаман сөздү козгойсуң.
Сен жаман тондун битинен,

Сен кутуруп калган окшойсуң.
Айтып тилдеп, жаман сөз,
Сен асыласың селдеге.
Намаз окуп, Алла деп,
Сенин тилиң келбейт келмеге.

Ал дүйнөдө бейиш бар,
Алла парзын кылып жүр.
Адамзаты кыйналчу,
Азап-тозок кейиш бар.

Алла таала кеп кылган,
Ар адамга көп иш бар.
Аны кылбас адамдар,
Акыретте тартат зар.

Биздин Анжиян жеринде,
Кожо, молдо көп болот.
Кожо адал деп айтса,
Кой дебестен жеп болом.

Эшен арам деп айтса,
Эшекке бер ошону.
Элиндеги жакшыны,
Энеңдин айтсын кошогу.

Катуу тийип Касымбекке ошол сөз,
Кыйын болуп кыяматтай ошол кез.
Кагып силкип катуу айтып Бошкойго,
Капаланып болуш туруп кетет тез.
Калат экен айып тартып ырынан,
Кагууну жеп, Бошкой ырчы болуп нес.

Айтыш бүтүп, ат келет деп калың эл,
Айгай салып, чаңга айланып кара жер.
Аттуусу аттуу, жөөсү жөө жүгүрүп,
Ат өтүүчү жолго калат тизилип.

Ак жал чыгып баш байгеге ээ болуп.
Анык күлүк тулпарлыгы билинип.

Байге берип жарчы угузган он бир атка.
Баары бүтөт, тамашанын айткан ашта.
Ашка келген калың эл тарайт экен.
Аш аңызын кеп кылып жолдо ката.
Аты өлүп, шейит кеткен баласына.
Саяпкерлер кетишет болуп капа.

Ат сүрөөдөн алты ат өлүп арада.
Аты менен шейит болот бир бала.
Атты өлтүрдүң, бала кунун бергин деп.
Айыл ичи бузулушат ич ара.
Болуш. бийлер олжо алышып чатактан.
Бөлүнүшөт зыян тартып бечара.

Алып кетет деп ат байгесин кызганып.
Ат сүрөйм деп атты жолго жыгышып.
Акмактанып ала барман зөөкүрлөр.
Ат чапканда бөөлө шейит кылышып.
Атын сүроп чыгарам деп болуштун.
Ар бир урук анги намыс кылышып.

Аша берип. Акчеке күлүк өлгөн белди.
"Ак-Чекенин бели" дешет бул күндө.
Жамбы байлап, кыйык ат ал жерди.
"Кыйык-Атуу" деп аташат ал төрду.
Аты менен шейит болгон балага.
Атап айтып коюшпаптыр эч белги.

Калк оозунда калып келет айтылып.
Карбоз ашын тирүү кезде берген деп.
Аксакалдар өтүп кеткен бул ашты.
Айтышчу эле ал жөнүндө узак кеп.

*2006-жыл. Атай айылы.*

*“Атаң барда эл тааны ,*
*Атың барда жер тааны ”*

***Кыргыз эл макалы***



# Карбоз атанын урпактары

*Карбоз атанын тукумдарынан баскан жолу, өз эмгеги, жасаган иштери менен эл оозуна алынгандары да аз эмес.*

**Карбоз уулу Кенже бий** – болжолу 19-кылымдын 50-жылдарында азыркы Арал айылында туулуп, 1920-жылдары дүйнөдөн өткөн, өрөөндөгү белгилүү бийлердин бири, Карбоздун кичүү баласы. Ал эл арасында адамдык сапаты бийик, каракылды как жарган калыстыгы менен кадыр-барктуу болгон. Элдин тынчылыгын, бейпилдигин сактоого, алыс-жакындагы элдин башын бириктирип, ынтымак-таштырууга астейдил аракетин, күчүн жумшаган инсан болгон.

Кенже бий улуу Токтогул акын менен жакшы мамиледе болгонун жогоруда айттык. Аялы Кетмен-Төбөдөгү айтылуу Ырыскулбектин бир баласынын кызы болгон. Ушул фактынын далилин адабий изилдөөчү Омор Сооронковдун “Биз билген, биз билбеген Токтогул” (Бишкек-2014) китебинен окусак болот. Анда “Тогузторолук, 1897-жылы туулган, Ыразакан Балтаев: Кенже бий дегендин аялы Ырыскулбектин балдарынын кызы экен. Токтогул Тогуз-Торого барып калган экен, төркүнүм деп чакырткан, ошондо Токтогул менен бирге болгом” деп сөз баштап келип, кайра кебин улантты. “Токтогул “Сары барпы”, “Тогуз-Кайрык”, “Орус күүсү” (Гармон үнү), “Токой булбулу”, “Таңшыма күү”, “Койчунун коңур аласы”, “Бармак күүсү” деген күүлөрдү черткенин айтып келип, “Бутунун бармагына кылды тийгизип, орус кыяк күүсүн (гармон) келтирген. Комузду желкесине артып, колуна бычак кармап, мизи менен кайра черткенде, адамдын көзүнө илешпеген күүлөрдү келтирген эле. Буга караганда кыл кармагандан Токтогул өңдүү жаралбайт, деп баалачу элек” деп А. Чоробаевге жаздырган

экен" деп жазат О. Сооронов. Абдыкалык Чоробаев 20-кылымдын башында Ак-Талаадан чыккан кыргыздын белгилүү агартуучусу, фольклорчусу, Тогуз-Тородо бир топ жыл жашап, элдик оозеки байлыкты көп жаздырып калган адам болгон.

Кенже бийден эркек бала калбаган, Сабыркүл, Жыпар, Акүмүт аттуу кыздары болгон. Акүмүт жаш кезинен эле эркекче кийинип, аш-тойлордо ат чапкан деп эл оозунда кеп бар. Кенже бий Сабыркүл кызын Арал айылындагы Жээналы деген жигитке турмушка берет (анын тукуму генерал Токтожума Жээналиев), Жыпарын Кетмен-Төбөдөгү айтылуу Керимбай болуштун уулуна турмушка узатат (анын тукуму бир кезде партиянын Нарын облустук комитетинин биринчи секретары болуп иштеген Малабай Жунусалиев), ал эми Акүмүт кызын Ак-Талаадагы Касымбек болуштун небересине турмушка берет (андан белгилүү партиялык кызматкер Өмөров Садыбакас төрөлгөн).

**Эрмамбет уулу Боржу** – Карбоздун баласы Эрманбеттин уулу. 1890-жылдардын орто ченинде туулган. Эл арасында санжырачы катары белгилүү болгон. Мындан сырткары ал "ит агытып, куш салган" аңчылыгы, бүркүт таптаган мүнүшкөрлүгү менен да таанылган. 1970-жылдары каза болгон.

**Кудагелди уулу Секелең** – Карбоздун небереси. Болжолуу 1890-жылдардын аягында туулган. Айылдагы, аймактагы кадыр-барктуу аксакалдардын бири болгон. Совет заманында колхоздун алдыңкы жылкычысы, ат сырын билген мыкты саяпкер катары таанылган.

**Түйтө уулу Лөлү** – Карбоздун баласы Эрманбеттин небереси. 1901-жылы туулган. Арабча окуп билим алган, ислам ибадаттарын бекем сактаган адам болгон. 1931-жылы райондо биринчи уюштурулган "Совет" колхозуна башкарма болуп дайындалып, элди кокту-колоттон көчүрүп, отурукташтырып кыштак курууга, чарбанын ирелештирүүгө көп эмгек кылган адам. 1938-жылдары сталиндик репрессияга кабылып атууга өкүм кылынган, кийин Жалал-Абад түрмөсүнөн акталган. Ал жөнүндө элдин турмушун жакшыртууга, сабатсыздыгын жоюга көп эмгек кылганы

айтылат. Кийин колхоздун жылкы, кой фермаларынын башчысы, жылкычысы болуп иштеген. 1976-жылы Арал айылында дүйнө салган.

**Турсу уулу Борончу** – Карбоздун баласы Эрманбеттин небереси. 1903-жылы туулган. Совет заманында райондогу колхоздоштурууга жигердүү катышкан, элдин сабатын жоюга эмгек кылган алгачкы агартуучулардан болгон. Убагында арабча дин мектебинде окуган, кийин латынча да өздөштүрүп жаза билген адам болгон. 1936-1952-жылдары "Кызыл-Октябрь" колхозунун башкармасы, Атай айылдык кеңештин төрагасы, Арал колхозунун талаачылык боюнча бригадири, ферма башчысы болуп иштеген. Өз учурунда өрөөндөгү кадыр-барктуу, таасирдүү аксакалдарынын бири болгон.1978-жылы Арал айылында дүйнөдөн өткөн.

**Аалиева Батмакан** – Карбоздун уулу Эрманбеттин баласы Аалынын кызы.1907-жылы Тогуз-Торо районундагы Арал айылында туулган. Атасы Аалы арабча жакшы билген өз заманынын билимдүү адамы болгон, башка касиеттери үчүн "Аалы калпа" дешкен. Батмакан бой тартып келатканда атасы айылдагы бир адам куда түшүп келсе, күйөөгө берип жиберет. Улуу Октябрь революциясынын желаргысы Алтын-Чөйчөккө жеткенде анын маанисин, келечегин Батмакан биринчилерден болуп түшүнүп, билимге умтулат. Арал айылына атбашылык Байчериков деген адам биринчи мугалим болуп барып, мектеп ачылганда Батмакан кыздардын арасынан биринчи мектепке өз каалоосу менен келип кирет, башка кыздарды да үндөгөн. Ал 1927-жылы Тогуз-Торо районундагы кыз-келиндеринин арасынан биринчи болуп Ленин комсомолунун катарына өткөн. Убагында Батмакандын бул "кылыгы үчүн" айтканга көнбөсө жайлап салабыз, дегендер болгон. Бирок, ал андай тоскоолдуктардан коркпой өз оюнунан кайткан эмес. Билимин дагы улантам деп агайы Байчериковду ээрчип айылдан качып кетет. (Бул окуя Ч. Айтматовдун "Биринчи мугалим" повестиндеги Дүйшөн менен Алтынайды элестетет). Ошентип экөө Ат-Башыга келип туруп калышат, көп өтпөй баш кошушат, эки балалуу болушат. Батмакан

экен" деп жазат О. Сооронов. Абдыкалык Чоробаев 20-кылымдын башында Ак-Талаадан чыккан кыргыздын белгилүү агартуучусу, фольклорчусу, Тогуз-Тородо бир топ жыл жашап, элдик оозеки байлыкты көп жаздырып калган адам болгон.

Кенже бийден эркек бала калбаган, Сабыркүл, Жыпар, Акүмүт аттуу кыздары болгон. Акүмүт жаш кезинен эле эркекче кийинип, аш-тойлордо ат чапкан деп эл оозунда кеп бар. Кенже бий Сабыркүл кызын Арал айылындагы Жээналы деген жигитке турмушка берет (анын тукуму генерал Токтожума Жээналиев), Жыпарын Кетмен-Төбөдөгү айтылуу Керимбай болуштун уулуна турмушка узатат (анын тукуму бир кезде партиянын Нарын облустук комитетинин биринчи секретары болуп иштеген Малабай Жунусалиев), ал эми Акүмүт кызын Ак-Талаадагы Касымбек болуштун небересине турмушка берет (андан белгилүү партиялык кызматкер Өмөров Садыбакас төрөлгөн).

**Эрмамбет уулу Боржу** – Карбоздун баласы Эрманбеттин уулу. 1890-жылдардын орто ченинде туулган. Эл арасында санжырачы катары белгилүү болгон. Мындан сырткары ал "ит агытып, куш салган" аңчылыгы, бүркүт таптаган мүнүшкөрлүгү менен да таанылган. 1970-жылдары каза болгон.

**Кудагелди уулу Секелең** – Карбоздун небереси. Болжолуу 1890-жылдардын аягында туулган. Айылдагы, аймактагы кадыр-барктуу аксакалдардын бири болгон. Совет заманында колхоздун алдыңкы жылкычысы, ат сырын билген мыкты саяпкер катары таанылган.

**Түйтө уулу Лөлү** – Карбоздун баласы Эрманбеттин небереси. 1901-жылы туулган. Арабча окуп билим алган, ислам ибадаттарын бекем сактаган адам болгон. 1931-жылы райондо биринчи уюштурулган "Совет" колхозуна башкарма болуп дайындалып, элди кокту-колоттон көчүрүп, отурукташтырып кыштак курууга, чарбанын ирелештирүүгө көп эмгек кылган адам. 1938-жылдары сталиндик репрессияга кабылып атууга өкүм кылынган, кийин Жалал-Абад түрмөсүнөн акталган. Ал жөнүндө элдин турмушун жакшыртууга, сабатсыздыгын жоюга көп эмгек кылганы

билимин дагы улантууну көздөп, көп аракеттерди көргөн. Анда да көп тоскоолдуктарды тарткан. Комсомолдук жолдомо менен биринчилерден болуп, Пишпекке (Бишкек) келип, окууга кирет. Аны бүткөндөн кийин Нарын шаарында, анан Жалал-Абад шаарында комсомолдук, советтик кызматтарда иштейт. 1930-жылы коммунисттик партиянын катарына өтөт.

Аалиева Батмакан кийин Орто Азия коммунисттик университетин (Ташкент шаарында) бүтүрөт. Убагында бул университетти кыргыздын улуу акыны Аалы Токомбаев баштаган кыргыздын бир топ алдыңкы адамдары билим алган. Ал кезде кыргыз кыздарынан бул окуу жайда өтө сейрек окуган. Андан кийин Батмакан Кыргызстандын түштүгүндөгү Ноокат, Ноокен, Өзгөн райондорунда партиянын райондук комитетинин бөлүм башчысы, секретары болуп көп жыл иштеген. Далай жолу басмачылардын чеңгелинен аман калган. Мындай оор жылдары Батмаканга аял башы менен аялдар теңдиги үчүн күрөшүү оңой болгон эмес. Кийин Жалал-Абад шаардык комитетинде секретары болуп 10 жыл эмгектенген.

Батмакан Аалиева совет заманынын алгачкы жылдары кыргыз кыздарынан чыккан С. Телтаева, К. Бектаева, Г. Ибрагимова, Б.Мунайтпасова, М. Турганбаева, Н. Айтматова ж.б. менен үзөңгүлөш иштеп, аялдардын кат-сабатын жоюда, аларды эркектер менен бирдей укукта коомдук турмушка аралаштырууга активдүү иштеген.

1936-жылы Батмакан Киров райондук (Таласта) аткаруу комитетинин төрайымдыгына дайындалып, ал кызматта үч жылдан ашык иштеген. Батмакан кайда кайсы жумушта болбосун билгичтиги, уюштуруучулугу, чечкиндүүлүгү менен далайларды тамшандырган.

Бир нече жолу райондук, облустук советтерге депутат болуп шайланган. Кыргызстан КП БКнын алдындагы аткаруу комитетинин аялдар турмушун жакшыртуу боюнча бөлүмдүн башчысы болуп бир нече жыл иштеген.

Аалиева Батмакан 1967-жылы республикалык маанидеги персоналдык пенсияга чыккан. Ал совет

түзүлүшүндөгү ак ниет, үзүрлүү эмгеги үчүн бир нече медалдар, Ардак грамоталар менен ж.б. сыйлыктар менен сыйланган.

Аалиев Батмакан 1971-жылы январь айында Бишкек шаарында каза болгон. Сөөгү Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган. Карбоздун бүгүнкү урпактары Аалиева Батмаканды совет заманындагы чыгаан кыргыз кыздарынын катарында зор эмгек кылганы үчүн дайыма сыймыктанышат.

**Мокеев Дүйшаалы** – Карбоздун баласы Кадыркулдун небереси. 1916- жылы туулган. Жаштайынан билим алып, Ак-Талаа жана Тогуз-Торо райондорунда советтик, чарбалык кызматтарда иштеген. Эл арасында 12 жашынан аш-тойлордо ат чаап, ат жалында чоңойгону, кийин райондогу белгилүү саяпкер катары таанылган. 1994- жылы каза болгон.

**Үрстөнбеков Бейше** – Карбоз тукуму Аалынын небереси. 1938-жылы Арал айылында туулган. 1958-жылы Фрунзедеги (Бишкек) №3 кесипчилик окуу жайын бүтүргөндөн кийин эмгек жолун Тогуз-Торо районундагы МЖС мекемесинде ширетүүчү болуп баштаган. 1966-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1966-1991-жылдары Ош мамлекеттик университетинде окутуучу, Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультеттеринде ага окутуучу, доцент болуп эмгектенген. Тарых илимдеринин кандидаты. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги. "Археология терминдеринин кыргызча-орусча сөздүк справочниги", "Кыргыз тарыхынын кыскача энциплопедиялык сөздүгү" ж.б. бир нече китептердин автору. Үрстөнбек уулу Бейшени райондон чыккан алгачкы илимпоз адам, педогог-агартуучу катары туугандары сыймык менен аташат. Анын аракети менен Тогуз-Торо районуна байланышкан тарыхый окуялар, археологиялык эстеликтер, ысымдар кыргыз тарыхына киргизелген. 1991-жылы Бишкек шаарында каза болгон, сөөгү Арал айылына коюлган. Анын ысымы өзү чоңойгон, билим алган Арал айылында мектепке ыйгарылган.

**Борончиев Замирбек** – Карбоздун чөбөрөсү Борончунун баласы. 1957-жылы туулган. Кыргыз мам-

лекеттик университетинин тарых факультетин бүтүргөн. Жаш кезинен айылда уюштургуч, туубаса билимдүү, сөзмөр адам катары таанылган. Көп жылдар Атай айылдык кеңештин катчысы, мектептин алдыңкы мугалими катары эл арасында кадыр баркка ээ болгон. Комузда кол ойноткон мыкты комузчу жана обончу катары да таанымал эле. 1990-жылы автокырсыктан каза болгон.

Карбоздун тукумдарынан Арал айылында жана Кыргызстандын ар кыл аймактарында жашап, өлкө, эл-жер үчүн ак эмгегин арнап көзү өткөндөр, учурда ишин татыктуу улантып жаткан тукумдары, урпактары да арбын. Алардын катарына айыл чарбасынын активдери – Бүтүбаев Муктар, Ашырбеков Эркетай, Жылтыров Сатымкул, Кармышов Орунбек, Секелеңов Самидин, Өмүров Мелис, Акматалиев Султанбек, Муктар уулу Эрнис, Чолпонкулов Эралы, Боржуев Разак, айыл өкмөт башчылары – Секелеңов Нурдин, Мокеев Врачбек, Замирбек уулу Сыргак, алдынкы, ордендүү чабандар - Жылтыров Аскарбек, Кармышов Керимбек, Абатов Бектур, Жылтыров Жолдош, Самсиев Жаныбек, Самсиев Көчөн, алдыңкы тракторист - Садыков Слан, офицер милициялар-Өмүров Эсен, Боржуев Орозобек, комсомол активи – Келгенбаев Сейдакмат, айылдык, райондук кеңештин депутаттары – Мокеев Аязбек, Кармышов Чолпонбек, кыргыз эстрада жылдызы-Нурбакыт Разаков, намыскөй жаштардан – Кыргый уулу Шайырбек, Садиев Жакен, алдыңкы айдоочулар – Түйтеев Качкын, Түйтөев Сырын, Лөлүев Карыпбек, Самсиев Апык, Ашырбеков Макан, мектеп директору – Ашырбеков Акен, алдыңкы мугалимдер – Боржуев Токон, Лөлүев Биримбек, алдыңкы дарыгер – Обозов Эркин, ар турдүү тармакта жогорку билимдүү адис-кызматкерлер – Кармышов Зарыпбек, Секелеңов Бакытбек, Ашырбеков Рахат, Жылтыров Жакен, Кармышов Базылбек, Мелис уулу Улан, Биримбек уулу Жоомарт, Сырын уулдары: Максат, Марат, Ренат, Эмелей, Самидин уулу Рыскул, Борончиев Чубак, Орунбеков Баатырбек, Замирбек уулу Нурак, Нурсултан Бакытбек, Макан уулу Айбек, ж.б. ысымдарын сыймыктануу менен атасак болот.

# Жалдуу каба

*Биз жогоруда Карбоз атабызды Саяктын Каба уругунан деп айттык. Кыргыз санжырасында Каба жөнүндө учугу түгөнбөгөн уламыш кептер көп айтылат. Бүгүн биз алардын бирөө – Жалдуу Каба тууралуу сөз баштайлы.*

Саяктын Сарык деген уулунун байбичеси баланы көп төрөйт, бирок бирөө да токтобойт. "Карыганча бала көрбөй, куу баш өтөмбү" деп аябай капа болуп жүргөн Сарык бай Кулжа деген жерде бир аксакалга жолугуп, арманын айтат. "Ээ аксакал, өлсөм артымда ыйлаар бала жок, малга ээ адам жок" дейт. Анда аксакал: "Сарык бай, сен элдин батасын ал, анан мал сурасаң Чолпон-Атага бар, баш сурасаң Манжыл-Ата мазарына бар" деп көздөн кайым болот. Аксакалдын айтканын Сарык бай туура көрүп, байбичесин ээрчитип Манжыл-Атага барып, сыйынып, бир-эки күн түнөп келишет. Кудайдан тилегенин берип Сарыктын байбичесинин боюна бүтүп, кышында толготуп, көз жарат. Ошол учурда, Ала-Мышык, тоосунда кийик уулап жүргөн Кайдуулат Сарык байдын үйүнө түшүп калат. Кайдуулаттын аялы такыр төрөбөгөн аял эле. Муну билген Сарык жаңы төрөлгөн баласын ырымдагысы келип, "Кайдуулат сенин аялың төрөбөйт, меники төрөсө да токтобойт. Бул баланын киндигин кеспестен, тону менен ороп алып, үйүңдү көздөй чап, аялыңа Ала-Мышык тоосунан аркар тууп жаткан жеринен таап келдим, деп алып баргын. Сенин аялыңа ырым болсун, мындан ары төрөп калгысы бардыр" дейт. Кайдуулат баланы кийиктин дакысына ороп, койнуна катып үйүнө келсе байбичеси уктап жаткан болот. "Тур, тоодон аркар тууп аткан жеринен таап алдым, эркек бала экен" деп шаштырат.

Түндүгүнөн бакан сала коет да, байбичесинин алдына талпак төшөйт. Эл тура электе бир кой алып келип мууздап жиберет. Баланы талпактын үстүнө жаткырып, койчусун ойготот. “Сүйүнчү, Кайдуулаттын катыны эркек төрөдү” деп эл-журтка кабар бер деп ат чаптырат. “Боюнда бар экени билинбей эле жүрдү эле, көрсө көкүрөк көтөрөт турбайбы” дешип уккандар таң калышып, ишенишет.

Илгери кыргыздар кийиктин даакысын “каба” дешчү экен. Кайдуулат баланы даакыга ороп келгенин эстеп, ымыркайдын далысында жалы болгондуктан Жалдуу Каба деп ат коет. Кайдуулаттын аялынын эки эмчегинен сүт дирилдеп агып, ага энелик мээримин төгөт.

Кайдуулат балага чоң той берип, ага Сарык байды да чакырат. Ошондо Кайдуулат байбичесине кеңешип, “биз дагы балалуу болуп калгыбыз бардыр, бул баланы ырымдап Сарыкка берели” десе макул болот. Ошентип Жалдуу Кабаны Сарык байга беришет. Сарык бай баланы ырымдап тогуз ат берип сатып алат. Кабанын жайын Кайдуулат, Сарык жана байбичеси гана билет. Эл арасында Кабаны Кайдуулаттын катыны төрөдү дешсе, Кайдуулаттын байбичеси Ала-Мышыктан, таап келген, деп ишенип жүрө берет. Ал окуядан кийин Кайдуулаттын аялы өзү төрөп, эки эркек балалуу болот.

Каба эки жашка чыкканда атасы Сарык байбичеси экөө тең ич келтеден өлөт. Томолой жетим калган Каба атадан калган мал-мүлкү менен Кайдуулаттын колуна келет. Каба чоңоюп Кайдуулаттын бардык өнөрүн, өзгөчө жаа тарткан, мылтык аткан мергенчилик шыгын мыкты өздөштүрөт. Кайдуулат Кабаны ак жолтой бала, аялы төрөбөгөн баласын төрөгөн деп аябай жакшы көрөт, ага тондун жакшысын кийгизет, аттын мыктысын мингизип чоңойтот.

Күндөрдүн биринде Кара-Кужурда чоң той болуп, ага Кайдуулатты эрте чакыртып кетет. Ошол убакта Каба уктап жаткан болот. Берки эки иниси Кабанын жоргосун талаша кетишет. Анда апасы “силер өз атыңарды мингиле” дегенине болбой уруша беришет. Айласы кеткен апасы балдарына

"силер өз балдарсыңар да, Каба бакма бала ал таарынып калбасын" десе, аны уккан балдары "бакма баланын чыныгы төркүнүн айтып бериңиз" дешип апасын кыйнашат. "Атаңар Ала-Мышыктын тоосунда мергенчилик кылып жүрсө балтыр эти ката элек баланы көрөт. Баланы жерден алса шилиден тартып туу белине чейин оңго суналган жалын көрөт. Эки жагын караса эч ким көрүнбөйт. Бир маалда алыстан карап турган кайберенди көрөт. "Кайберен ээлеп турган ыйык бала экен. Кайберендин мыктысын каба деп уккан экен, жалы болгондуктанбы, Жалдуу Каба деп ат коюп, атаңар үйгө алып келген. Кайыптан жаралган бала ыйык болот, агаңарды сыйлап жүргүлө" деп апасы балдарына айтып берет.

Апасынан уккан бул маалымат элге тарап кетет. "Чын эле Кайдуулаттын аялы төрөгөндөй болгон жок эле, тоодон таап алганы ырас го" деп эл дагы ишенип калат. Азыркыга чейин санжырадагы "Каба кайыптан жаралган" деген сөз ушундан калган.

Ошентип Каба уйкусу канып ойгонсо атасы, инилери да жок. Апасынан сураса ал уктап жатканда атасы, кийин инилери да тойго кеткенин айтат. Ойгонсо артыман келсин деген атасы Кайдуулаттын да өтүнүчүн айтат. Каба жоргосун токунуп жолдо келатып инилерине жолугат. Алар апасынан уккандарын Кабанын өзүнө айтып беришет. Мурда андай кепти укпаган Каба "тойго өзүңөр бара бергиле" деп кайра үйүнө келип, атын жайдактап айдап жиберип, ээр токумун жазданып, таарынып, ыйлап жатып алат. Апасынын жалбарып-жалдыраганына такыр көнбөйт.

Кечинде Кайдуулат эки баласы менен үйүнө келип Кабанын тойго эмне үчүн барбаганын сурайт. Аялы болгон окуяны баарын төкпөй-чачпай айтып берет. Кайдуулат да аттан түшүп, жалынып-жалбарып Кабаны ордуна тургуза албайт. Каба былк этпей көгөрүп жата берет. Атасы турчу, сүйлөшөлү деп көпкө жалдырайт. Ошондо Каба "мени Ала-Мышыктан таап алган турбайсыңарбы" деп өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлайт. Сөз каяктан чыкканын түшүнгөн Кайдуулат

ачуусу келип, аялын сабап, Кабаны эптеп үйгө алып кирет.

Ушул окуядан кийин Кайдуулат болгон чындыкты Кабага айтууга аргасыз болот. Кандайча "Ала-Мышыктан таап келгенин" төкпөй чачпай айтып берет. Өз атасы Саяктын уулу Сарык экендигин, атасы өлгөндөн кийин ал кантип бала кылып алгандыгын баардыгын ачык айткандан кийин Кабанын кабагы ачылып, үйгө кирет.

Каба бойго жетип калгандан баштап Кайдуулат бардык жерге Кабаны ээрчитип, көп нерсеге үйрөтөт. Турмушка бышыктырып өстүрөт. Бир казак байдын кызына куда түшүп, үйлөнтүп, мал-мүлк бөлүп берип, боз үй көтөрүп бөлүп коет. Каба балалуу-чакалуу болуп өз алдынча түтүн булатып калат. Дагы бир топ жыл өткөндөн кийин Кайдуулат кыпчактын Кантийбес деген байынын Акбермет деген кызын Кабага алып берген. Каба ал аялынан да очор-бачарлуу болуп, канат-бутагы кеңейип, ордолуу шаарга айланып, укум-тукуму көбөйөт.

Жалдуу Каба жумуру кара сакал, узун, тик, кара кирпиктүү, алп мүчөлүү, сүрдүү, келбетүү көрүнүчү экен. Ал нагыз шер баатыр болгон. Базар-Коргондогу Арсланбапка бараткан өрөөндүн аты да Каба деп аталып калган. Анын сөөгү Арсланбапта коюлган. Ошол учурда кыргыздын аттуу-баштууларынын сөөгүн Арсланбапка алып барып койгондору белгилүү.

Эгер мен Жалдуу Каба атабыздан мага чейинки урпактарын сүрүштүрсөк, ал мындай көрүнөт. Кабадан Качканак, Качканактан Түнтөй, Түнтөйдөн Актери, Актериден Жамаке, Жамакеден Жайыл, Жайылдан Эркетай, Эркетайдан Манаке, Манакеден Карбоз, Карбоздон Эрмамбет, Эрмамбеттен Түйтө, Түйтөдөн Көчөр, Көчөрдөн Орунбек, Орунбектен Бакыт.

Кыргыз тарыхындагы окумуштуулардын, санжыра китептердин, жергиликтүү санжырачылардын маалымат-тарына таянып, орток ойду топтосок Саяк уруусунун, анын баласы Каба уругунан тараган Карбоз жана анын бир тууғандарынын генеологиясы китептин аягында берилди.

# КАБА УУЛДАРЫ -
# Актери, Бостери баатырлар

Актери, Бостери – Саяктын урпагы Кабанын кыбыралары, Актери улуусу. Алар жөнүндө кыргыз санжырасында көп айтылат. Айтылуу мударис-профессор агабыз, Бостеринин урпагы Кусеин Исаев "Бостери жана бостериликтер" (2008-жыл) деген китебинде кенен жазат.

"Кыргыз жерин калмактардан 18-кылымда бошоткондо Бостери баатыр чечүүчү роль ойногон. Жалпы кыргыздардын башын кошуп, Тогуз-Тородон чыгып, Жалал-Абад өрөөнүн калмактардан бошотуп, кыргыз урууларын (саяк, базыс, мундуз ж.б.) өрөөн-өрөөн кылып жайгаштырып, анан ал көл аймагында калмактар менен согушта да өзгөчө баатырлыкты көргөзүп, 1750-жылдары Ысык-Көл бошонгондон кийин элдин өтүнүчү менен түштүккө кетпей көл жээгинде жашап калат",- деп жазат мударис К. Исаев.

Агайыбыз Бостери баатырга байланыштуу угуп жүргөн "Бостери баатырдын үңкүрүн" өз көзү менен көргөнүн минтип жазат. "Бостери атанын үңкүрү" Тогуз-Торонун тоолорундагы Саймалуу-Таштын ары жагында, Сузак, Базар-Коргон, Тогуз-Торо райондорунун жайлоолору кесилишкен төрүндө жайланышкан. Күрөбөстүн суусун бойлоп Өгүздүн жону, Кунаажын куйрук деген тоолорду айланып, Жинди-Сууну бойлоп, Байбиче, Бөйрөк-Кайың деген конуштарды басып өтүп, айтылуу Калмак ашууну аштык. Анын ары жагында Жакшына деген конуштан өтүп, Чал жайлоосуна келдик. Мына ошол жайлоонун төр жагында биз издеген Бостеринин үңкүрү жайланышкан.

Үңкүрдүн сырын ушул убакка чейин эч ким ача элек. Ал

эки бөлүктөн турат. Киргенде оң жагына узундугу 200 метрдей ары-бери басып жүрсө болот. Сол жагы өтө табышмактуу. Ичинде бир метрден бийик жыйылып турган адамдын сөөктөрү азыр да сакталып турат. Эл арасындагы маалыматка караганда бул үңкүрдө калмактардын 5 миңге жакын баштары жатат. Үңкүрдүн боорунда таштан жасалган аштоо тамчылап турган сууларды чогултат. Таштан жасалган адамдын, аттын баштарынын скульптуралары бар. Бир топ арылаганда күркүрөп аккан суунун шары угулат деп айтышты жергиликтүүлөр. Үңкүрдүн түбүнө эч ким жеткен эмес. Биздин да ал үңкүрдү изилдегенге даярдыгыбыз жок экен. Ичине кирип, оозуна анча-мынча басып, кайра чыктык. Үңкүрдөн 12-14 метр төмөн, чекени какшаткан, тунук агып турган булак бар экен" деп жазат профессор К. Исаев.

Калмактардын доорунда саяктар Тогуз-Торо-Жумгал-Суусамыр-Кетмен-Төбө тоо кыркаларында жашашкан. Саяктын тукуму – Кабанын балдары калмак бийлигинин жылдарында Тогуз-Торо, Кетмен-Төбө, Куртка (Ак-Талаа) аймактарында жайланышкан. Бостери –Кабанын кыбырасы, кичинекейинен тың, тирикарак, сезимтал, сергек, согушка жөндөмдүү уюштургуч адам болгон. Кабанын өз тукумдары Байболот, Түнтөй, Түнкатар, Кайдулат, Кутунай жана алардын балдары Бостеринин калмактар менен күрөшүндө чоң колдоо көрсөтүшүп, дайыма жанында болушкан.

Бостеринин агасы – Актери келечекте калмактар менен болуучу согуштук кармаштардын тактикасын иштеп чыгып, согуштун курал-жараган, тамак-ашын, башка кем-карчын даярдоонун үстүндө болгону көп айтылат. Жазуучу Кушубек Качибековдун «Бүргө баатыр» деген китебинде (2007-жыл) Таластан чыккан Бүргө баатырдын калмактар менен согушунда Актери менен Бостери чоң салым кошконун окуй алабыз. "Бүргө да өз камылгасын кыла баштады суутун кандырып, терин алдырып кайкы атын мыктап таптады. Анан

жоо жарактарын тактады. Жанагинтип ыраакы-жууктан ылым санап, калкалар жоодон караан кылып, мандайына бараан кылып, келип жатышканда мунун беймарал жатып алганы жөн болмокбу. Кылычтын мизи кетилип, найзанын учу майтарылып, чоң урушка жарачудай эмес. Айбалта, чокмор, шалк этме жокко эсе эле. Ушуларды калыбына келтирмек болуп, Бүргө баатыр эми көл боюндагы саяктын бийи Бостери баатырдын айылына келип түштү. Бостери баатырдын агасы Актери дөөтү колдогон темир уста эле. Бүргө баатыр Актериден жоо жарагын күтүп, Бостеринин айылында жылга жуук жүрүп калды...” деп жазат К.Качибеков.

Актеринин тукумдары азыркы Тогуз-Торонун Арал, Атай, Бирдик жана Каба айылдарында жана Кетмен-Төбөнүн Үч-Терек өрөөнүндө жашашат.

Актери, Бостери баатырлар калк арасынан балбан билек жигиттерди чогултуп, Куртка, Тогуз-Торонун бийик тоолорунун арасында алыстан көрүнбөгөн жабык өрөөндөрдө согуштук искусстволорго: кылыч чапмай, жаа атмай, найза сайышуу, балбан күрөш ж.б. үйрөткөн көп күндүк машыгууларды өткөрүшкөн.

Жазуучу Тойчубай Субанбековдун “Камчысын койнуна катпагандар” (Бишкек-2013) романында Актери баатыр жөнүндө көп жазылат. “Теңиртоолук кыргыздардын үркөрдөй кошуунунун алпейими кетип, тынчтык болбогондон кийин жер ооду кылган көк жалдардан бетер Жумгалдан, Кетмен-Төбөдөн эми Тогуз-Торого ооп, ошол жакты байырлап калышты... Актери баатыр акылы жетик, көк жалдай кайраттуу Жайыл менен масилеттешти, эр жүрөк жигиттер, эр көкүрөк боз уландар менен сүйлөштү... Актери баатыр кайрадан анын кебин коштоп койду. Эр Садыр дагы эле үн каткан жок. Бирок көйкашка эки баатырга башындагы бөркүндөй эле ишенет...” деген баяндоолор Актери баатырдын ким экендигин дагы бир жолу айгинелеп турат.

Согуштук учурдун термини менен айтканда Актери баатыр өз учурунда Тогуз-Торо, Кетмен-Төбө, Базар-Коргон, Ноокен, Куртка аймактарына жергиликтүү элдин өкүлдөрүнөн (кээде 12-14 жашар балдарды) тыңчыларды, чалгынчыларды коюп, калмактардын эмне кылып жатканына байкоо салдырып, бардык маалыматтарды Бостеринин Тогуз-Тородогу ордосуна жеткирип туруунy милдеттендирген. Мына ушундай тактикалык жүрүштөрдүн аркасы менен Бостери баатыр баштаган саяктар калмактарды өз жерлеринен кууп чыгышкан.

Бостери баатыр андан кийин өз жоокерлери менен Нарын суусун бойлоп, Ак-Шыйрак аркылуу Барскоонго түшүп, кыргыздардын башын кошуп, баатырлык менен Ысык-Көлдү калмактардан бошотууга катышкан. Бошогон жерлерге кыргыздарды отурукташтырууга өз салымын кошкон. Көлдүктөр Бостери баатырга да жер беришип, ага Башкы-Долонотудан Чоң-Ак-Суугa чейинки жерлерди ыйгарышкан. Ошентип Бостери баатыр көл жээгин байырлап, туруп калат. Ал мекендеген жердин атын Бостери айылы деп аташкан.

Азыр Бостери айылы - эмгектин алдыңкылары, кыргыздын акылман адамдары, илимпоз интелектуал инсандары көп чыккан, (бир айылдан эле 15 илимдин доктору, 100гө жакын илимдин кандидаты чыккан), кооз жаратылышы, курорттук базалары бар, Кыргызстандын негизги туристтик борборуна айланган аймак.

## Каба уулу хан Садыр

Садыр Арзымат уулу (Садыр баатыр, хан Садыр), (туулган жылы белгисиз - 1780-жылы өлгөн ) - XVIII

кылымдагы кыргыз элинин эркиндиги үчүн күрөшүүчү, колбашчы, баатыр. Саяк уруусунун Каба уругунан чыккан, Сарыбагыш уруусунан чыккан Көкүл бийдин жээни. Кетмен-Төбөдө туулган.

Садыр-тарыхчы Белек Солтоноевдин ырастоосунда XVIII кылымдын экинчи жарымында бүткүл арка кыргызына кадыры таанылган эл башчыларынын бири. Казак ханы Аблайга каршы согуштун баштоочуларынын бири. Жаштайынан айбаттуу, жоокер чыгып, эр Садыр аталган, кийин бүткүл кыргызга таанылган. Кыргыз калкын, кыргыз жерин чет жердик баскынчылардан коргоп, абыройлуу колбашчы болгон.Талас аймагына коркунуч пайда боло баштаганын баамдап, Чоң-Капка капчыгайынан чыга беришиндеги Кызыл-Мойнок ашуусунун этегине ордо куруп, коргон салдырган. Ал жер «Садыр коргон» деп аталып калган. Садыр баатырдын бул коргону кийин Киров суу сактагычынын алдында калган. Садыр баатырдан казак баатырлары Жанек, Абак, Көкжал жеңилишкен. Садыр баатырдын аскердик күчү абдан кубаттуу болгондуктан, коңшу Улуу жуз казактардын уруу башчылары Сараркадагы Аблай хандан жардам суроого мажбур болушкан.

Уйсун казактарынан чыккан Бердикожо кыргыздарга чабуул коюп, жылкыларга тие берет. Кыргыздардын Садыр баатыры менен Момокон баатыры аны Чымкентке чейин сүрүп барат. Бул кармашта казактын Уйсун уруусунан Жапектин Кооман деген уулу өлөт . Бердикожо мындан 20-25 жыл илгери Ташкент щаарындагы талашта өлтүрүлгөн Кара Байтигинин кунун кубалап жүргөн болсо эми ага Жапектин куну дагы кошулат. Алар Аблай хандан жардам сураганга мажбур болушкан. Ага ачуусу келген Аблай хан: «Мен кыргыз деп аттанбайм, Садыр деп аттанам, аттангыла үч үйдөн - бир адам, эки адамга үч ат алгыла, эки адамың бир бээ сүтүн ичесиң, талкан алгыла!» - деп буйрук берип жолго аттанат.

Аблай хан жолдо келе жатып Ташкентти алат. Кыргыздарга элчи жиберип ортодогу чыр-чатакты тынчтык жол менен чечмек болот. Биринчи ирет кыргыздардын урууларынан 40 элчи Ташкентке жөнөтүлгөн. Садырдын элчисин кабыл алат, алардын ичинде бизге белгилүү Түлөберди да болгон. Түлөберди Аблай хандын уруксаты жок бир дагы үн каткан эмес, ал ошол үчүн элчи катары Аблай хандын алкышына, мактоосуна татыган. Аблай хан Эсенгул Тебек бийди Садыр баатырга жиберет. Садыр өзүн ханмын деп жарыялап койгон эле. "Мени таанибаган Сарт кулга көрсөтөм!" – дейт Садыр хан. Сарт кул деп ал Аблай ханды айткан. Садыр баатыр менен Момокон кан достордон болот. "Моңолдор, черик, саяк биз жакта, сен кошулсаң сол кыргыздары дагы кошулат" деп Момоконду көндүрөт. Бирок, Алайдын башчылары келип Момоконду Садырга кошулбасын сураныiшат.

Садыр хан Момокондон достуктан кечет. Аблай хан кыргыздарга каршы көп кол менен келип Чүйдөгү элди чаап , андан соң Таласка бет ала баштайт. 1780- жылы ал Садырды жана уулу Доскулуну кармап алып, туткунга түшүргөндүгү жөнүндө маалыматтар бар. Садыр баатыр уулу Доскул туткундан качууга көп аракеттенип, салгылашып жатып өлгөн, алардын сөөгүн туугандары сурап алышып, Таластагы Үч-Коргон деген жерге коюшкан. Садырдын эрдиги жөнүндө көп маалыматтар бар, анын кыргыз элин, кыргыз жерин, сактап калганга көп аракетин жумшагандыгы жөнүндө тарыхчылар белгилеп келишет (www.wikipedia.com).

Жазуучу Тойчубай Субанбеков "Камчысын койнуна катпагандар" (Бишкек-2013) романында "... ары жүрөгүндө сырттандай мол кайраты бар, ары өрттөн кайра тартпаган, ары өлүмдөн кайра качпаган Эр Садыр өткүрлүгү менен кабыландай кайраттуу, кара быжыгыр сакалдуу Жалдуу Кабанын жанында жүрүп, далай жыл кебин угуп, эрдигин көрүп, анын ибаратын алып, жортуулга баруунун, жоого

сокку уруунун, куугунчулардан куйругун үзүп кетүүнүн сырын үйрөнүп, ... ар ишке камбыл Актери баатырды, жаш көк жалдай болгон Жайылды, жалындан жалтанбаган башка жигиттерди, болоттой курч айбалта чабарларды, жаачыларды, көзгө атаар мергендерди баштап жүрдү...” деп жазат.

## Саяк уруусу

Эми Карбоз атабыздын, Каба бабабыздын теги кыргыздын Саяк уруусу жөнүндө кеп кылалы.

Кыргыздын саяк уруусу келип чыгышы жөнүндө көп варианттар айтылат. Көрүнүктүү түрколог Н. Аристов саяк уруусунун келип чыгышын илимий жактан негиздөөгө аракет кылган. Ал биринчи жолу саяктар байыркы “се” башкача айтканда байыркы сактардын насилдери деген пикирин айткан. Н. Аристов бул сөздү Кытай жазмасына (Хань-шуга) таянып айткан (С. Аттокуров, “Кыргыз санжырасы”, 1995-ж).

Саяктар жөнүндө Сайфедин Аксикентинин “Маджму ат-Таварих” китебинде айтылат. Анда Саяк кимдир бирөөнүн асыранды баласы же атасынын эле өз баласы деп так кесе айтылбайт. Ошентсе да санжыра айтуучуларда Саякты Тагайдын асыранды баласы деген вариант көп кездешет. Айтылуу акын Тоголок Молдо (саяк тукуму) өз санжырасында саяктарды башка бир элден же жерден келбей эле кыргыздар жердеген Фергана өрөөнүнөн (ал жерлер да кыргызга таандык болгон), өз эли журтунан Ала-Тоого ооп келген жигиттен тарататат.

Тогузторолук санжырачы Абдылда уулу Аскар атабыз (өзү

Каба уругунун урпагы) жазгандары Тоголок Молдонун саяктар жөнүндөгү айткандарын толуктай тургандыгын байкайбыз.

Эл оозундагы айтымдарда Саяк уруусу байыркы уруулардан, башы Энесайда жашаган деп айтылат. Саяктын түпкү ата-тегин кадимки Манастагы Акбалта, Чубактан сүрүп келишет...

... Чынгызхан Орто Азияны басып алганда Октой деген баласын Ходжент шаарына (Фергана өрөөнү) хан кылып, Муратай деген кыргызды увазир кылып дайындайт. Муратайдын агасы Субадай да Чынгызхандын аскер башчыларынын бири болгон. Бул Чынгызхандын жортуулдарында анын аскерлеринде миңдеген кыргыздар болгонун далили. Муратайдан Жусупбек, Сүйүнбек деген эки эркек бала болот.

Чынгызхан дүйнөдөн өткөндө кыпчактар Октойду өлтүрүшүп, ордуна кыпчак Эреше бийди хан көтөрүшөт. Муратай Эрешеге да увазир болуп жүрүп дүйнөдөн өтөт. Жылдар өтүп Эреше өлгөндө ордуна баласы Эрдене хан болот. Эрденеге Муратайдын баласы Жусупбек, анын баласы Абдыраим да увазир катары кызмат кылышат. Абдыраим баласы Байызбекке Эрдене хандын карындашы Манисаны кудалап алып берет. Маниса Байызбекке эркек бала төрөп берип, атын Рай (Ырай) коюшат.

Рай 8-9га чыгып калганда атасы Байызбек өлүп, сулуу Манисага кыпчактын, өзбектин бектери көз артышып, тынчын ала башташат, ортого киши салып үйлөнүүгө да аракеттерди кылышат. Райымды кимге кор кылам деп Маниса Жусупбектин бир баласы Дайырбекке башын байлап турмушка чыгат. Ал убакта Дайырбек Бухара медресесинде имам болуп турчу экен. Ал исламды мыкты билгендиги үчүн "кары" наамын алып, эл арасында "Эшен кары" деген ат менен белгилүү болот.

Маниса Дайырбек-Эшен карыдан Жусупбек, Сыдык, Шакир деген үч уулду болот. Жылдар өтүп өзбектер көтөрүлүп Эрдене ханды бийликтен кулатышып, өзүн өлтүрүп, күйөө

баласы Дайырбекти камап, Ходжент шаарынын башчысы Домбулду өлтүрүп тынышат. Мындай оор кырдаалдан чочулаган Маниса бойго жеткен баласы Райды, Домбул бийдин баласы Сейитти, Тагай бийдин баласы Орозду, анын энелеш иниси Черикти, Өзүктү кошуп, Ала-Тоого Тагай бийге баргыла деп качырып жиберет. Манисанын энеси казак кызы экен өзүнүн эки баласын алып, төркүндөрү Чымкент тарапка кире качат.

Тагай бийдин баласы Ороз кайдан пайда болду деген суроо туулат. Ошол учурда кыргыздар Ходжент хандыгына баш ийип, ошол жакка алык-салык төлөп турчу экен. Тагай бий бир жолу барып, көпкө туруп калат. Ошондо Зулайка деген кызга никесин кыйып баш кошот. Убакыт келип, Тагай бий Ысык-Көлгө кайтаарда аялынын ай-күнүнө жетип, жолго жүрө албагандан улам таштап кетет. "Эгер эркек төрөп калсаң атын Ороз кой, атаң Тагай бий деп айт, чоңойгондо Ала-Тоого барсын, анан бул кездикти (канжарды) берип жибер, мен ошондон тааныйм" деп талагын айтып, жолго атанып кетет. Зулайка кийин Шайымбет деген кыргызга турмушка чыгып Черик деген балалуу болот.

Ошентип Рай, Ороз, Сейит, Черик күн-түн жол жүрүшүп, Тагай бийдин ордосун таап келишип, Фергана өрөөнүндөгү болгон окуяларды, Маниса апанын айткандарынын баарын айтып беришет. Ороз апасы берген кездикти бергенде Тагай өз баласы экенин тааныйт. Абалдын жеңил эмес экендигин түшүнгөн Тагай бий "силер мындан ары менин балдарымсыңар, хан кишилери артыңардан келип капсалаң салбасын атыңарды өзгөртөйүн, сен мындан ары атың Рай эмес Саякмын деп жүр, менин балам Ороз эми Карачоромун деп жүр, Домбул бийдин уулу Сейит силердин түбүңөр Азык деген уруудан, атыңды Азык болсун, силерди биле койбос Черик, Өзүк деп эле жүрө бергиле" деп баарына бата берип, элин чакырып чоң той өткөрүп, качып келген кыргыз тукумдарын бала кылып алган экен. Ошентип Саяк, Азык, Териктин жайы


ушундай.


Саяк уруусу илгертеден Тянь-Шань, Памир, Алай, Фергана, Чаткал тоолорунун кокту-колотун мекендеп келишкен. Аларды тышкы баскынчылардан сактап калган табигый чептери: Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Кочкор, Жумгал, Кетмен-Төбө, Суусамыр, Базар-Коргон, Чаткалдагы тоолор болгон. Алар Чынгыз хандын, Темирландын, Галдан Церендин, Цинь империясынын кандуу жортуулдарынан ошол чептерге кире качып, алардын кире бериштеринен, ашуу-белдеринен элди баатырларча коргоп турушкан. Өз күчтөрү менен кырылуудан, качкандан сактанып келишкен. Бул активдүү коргонуу саясатын саяктан чыккан Бостери, Актери, Жанболот, Тобок, Садыр хан, Атантай, Тайлак элдик баатырлар турмушка ийгиликтүү аткарышкан.

Саяктардын жалпы урааны - Көкө, Кара-Тал.17-19-кылымдардагы тарыхта өзгөчө Садыр хан, Тайлак баатырлардын кыргыздарды сырткы душмандардан коргоодо эрдиктери өзгөчө орунда болгон. Уруунун өзүнчө эн тамгасы болгон. Саяктар саны жагынан башкаларга үстөмдүк кылган этникалык топ. Ал кыргыз элинин азыркы аймагында калыптанышында чоң роль ойноп, көп таасир эткен. Саяктардын бир топ бөлүгү өзүлөрүнүн этникалык өзгөчөлүгүн жоготуп, башка улуттарга: өзбек, казак, тажик ж.б. сиңип кеткен жагдайлары бар, деп жазылат ("Кыргыз санжырасы" С.Аттокуров, 1995).


Азыркы күндө Саяк уруусунун өкүлдөрү негизинен Ысык-Көл районунун дээрлик бардык айылдарында, Тоң районунун жарымында (Кескен-Белге чейин деп айтылат), Кочкор районунун бир нече айылдарында, жалпы Жумгал районунда, Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Токтогул районунун көпчүлүк бөлүгүндө, Суусамыр өрөөнүндө, Базар-Коргон жана Ноокен райондорунун бир нече айылдарында, Чүй облусунун дээрлик бардык райондорунда жашашат.

*2014-жыл, июнь айы, Бишкек шаары*






Карбоз Атанын Арал айылында
тургузулган эстелигинин эскизи.
Архитектор: Абакиров Адылбек








(С. Аттокуров, "Кыргыз Санжырасы", 1995-ж.)



Каба
Бегит
Кутунай
Майрык
Качканак
Шыкмамат
Кайдулат
Кутунай
Кожош
Беебүй
Орозбакты
Минжат
Анжат
Курткам
Бектемиш
Чороке
төрө Бердибек
Алмаз
Курткам
Бектемиш
Чороке
Түнтөй
Түнкатар
Көкүмбай
Бокбасар
Арзымат
Назар
Сейит
Садыр
Сарыбокемик
Чоңчарык
Олжобай
Чиркей
Калматай
Кулча
Кожояр
Бакчы
Бокотой
Барак
Торпок
Акылбек
Дөөлөт
Урат
Мурат
Нарбото
Бостери
Актери
Дуулат
Ават
Элтындлы
Казак
Досой
Жамаке
Шамаке
Вазыл
Жангарач
Сары
Чоңко
Асан
Жаныбек
Каракучкач
Жаманбай
Бешей
Үчей
Бостогур
Серен
Кудайменде
Мойнок
Жайыл
Каракучкач
Жаманбай
Бешей
Үчей
Шербей
Качыке
Кумач
Райымбек
Райымкул (чоңко)
Эркетай
Шанабай
Карбоз
Ажыбек
Койчуман
Манаке




Карбоз
Кадыма
Кадыркул
Кармыш
Кенже
Эрмамбет
Кудагелди
Мундузбай
Арзымбай
Абдыраим
Ашырбек
Алдаярбек
Жусупбек
Арабек
Жылтыр
Сөлпү
Сатымкул
Жолдош
Аскарбек
Эсен
Үсөн
Асан
Көчкөн
Урмат
Марат
Бакыт
Залкар
Съезбек
Алтынбек
Жылдызбек
Марсбек
Асылбек
Элбол
Элбар
Нурадил
Айбар
Амантур
Бексултан
Арыпжан
Эркетай
Акен
Махабат
Рахат
Аттокур
Ислам
Шаки
Шайы
Элүбек
Бердибек
Бакыт
Алтынбек
Анаш
Азиз
Нурадил
Арлес
Тилек
Тынчтык
Алдаяр
Айбек
Бейше
Бактыяр
Данияр
Токо
Искендер
Элдияр
Элдос
Жандос
Рыскелди
Дөкөн
Нурлан
Руслан
Темиркан
Анас
Акыл
Санжар
Даниел
Сагынбек
Нарынбек
Рыскелди
Байел
Чыңгыз
Иманали
Анас
Бекен
Канболот
Таалайбек
Байэл
Жеңишбек
Темир
Жанболот
Максат
Алдаярбек
Даниярбек
Элдиярбек
Сыймык





Карбоз
Кадыма
Кадыркул
Кармыш
Кенже
Эрмамбет
Кудакелди
Сади
Боку
Секелең
Сагынбай
Тентимиш
Темирбай
Жаныбек
Самудин
Нурдин
Кубанычбек
Кутман
Рысбек
Сүйүнбек
Самат
Бактыяр
Бактыбек
Айбек
Баястан
Бакыт
Рысбек
Рыскул
Али
Адил
Тилек
Улукбек
Акылбек
Эрбол
Элхан
Мирхан


Карбоз
Кадыма
Кенже
Эрмамбет
Кармыш
Кудакелди
Кадыркул
Келгенбай
Аштыкчы
Ботокан
Мокей
Шери
Мырзакмат
Сейдакмат
Молдокмат
Эрмек
Нурбек
Нурсултан
Аман
Айбек
Жыргалбек
Тимур
Нарынбек
Чолок
Ормонкул
Кожо
Чолпонкул
Эралы
Шералы
Абат
Нурсултан
Улукман
Бегалы
Бектур
Улан
Нурлан
Алтынбек
Жоомарт
Чолпонбек
Баяман
Байел
Ариет
Садыр
Акматалы
Суранбек
Султанбек
Узакбек
Чекилдек
Чекченбай
Алтынбек
Темирбек
Мыктыбек
Нурэл
Жолдубай
Канат
Урмат
Бекзат
Азат
Токо
Калыке
Санжар
Жоробек
Шерболот
Бейшенбек
Майрамбек
Тынчтык
Азамат
Самат
Айтеңир
Эмир
Самси
Дүйшалы
Врачбек
Аязбек
Азат
Руслан
Темирлан
Бийсултан
Жаынбек
Көчөн
Апык
Курманбай
Нурлан
Нурзат
Каныбек
Аркар
Жакшылык
Айбек
Бектурсун
Бутуба
Мыктар





Кыдыр
Чоробай
Тынымбек
Молдобай
Ыманалы
Эшенкул
Эрнис
Кадырбек
Бакытбек
Эркинбек
Азизбек
Бердибек
Нурсултан
Адилет
Ариет
Самат
Эрбол
Азамат
Алтынбек
Сыргак
Нурсултан
Нурболот
Эрболот
Чынгыз
Байболсун
Улан
Мирлан
Алмаз
Жайдар
Айдар
Баяс
Өмуракун
Кадыракун
Өмуркул
Кыргый
Сабырбек
Шайырбек
Курманбек
Кубаныч
Нурболот
Өмур
Садык
Эсен
Мелис
Слан
Узанбек
Илгизхан
Суйүнбек
Нооруз
Эрбол
Улан
Ишен
Таалай
Талант
Нуржигит
Амир
Баястан
Эржан
Элхан


Карбоз
Кадыма
Кадыркул
Кармыш
Кудакелди
Кенже
Эрмамбет
Аалы
Муса
Боржу
Чолок
Үрстөнбек
Марат
Бейше
Кубан
Нурлан
Тимур
Керим
Чатак
Слан
Токон
Турусбек
Анжианбек
Орунбек
Орозобек
Раимбек
Абдразак
Разак
Узак
Урмат
Бердибек
Кенжебек
Рамазан
Мыктыбек
Баяман
Азем
Кадыр
Нооруз
Дастан
Нурбакыт
Эламан
Уланбек
Адилбек
Алишах
Болот
Рамис
Экия
Эрназар
Алихан
Рысбек
Сапар
Максат
Бакыт
Тариель
Марсел
Нурлан
Улан
Нурдин
Чыңгыз
Аттокур
Жылдызбек
Сулайман
Нурсултан
Нурмухамбет
Баястан
Нурболот
Аманбай
Биримбек
Карыпбек
Айтыкул
Эркин
Акымбай
Азат
Азирет
Алмаз
Азамат
Арзымат
Эламан
Чыңгыз
Улан
Нурадил
Усман
Имран
Жоомарт
Урмат
Эрмат
Анвар
Атайбек
Ардакбек
Нурдөөлөт
Билал
Абдрахман


Түйтө
Турсу
Борончу
Лөлү
Обоз
Түйрүк
Көчөр
Батыр
Азим
Замир
Тагай
Азизбек
Иманбек
Исабек
Эрболот
Нурболот
Чубак
Сыргак
Нурак
Ратмир
Замир
Адем
Эрдем
Дыйкан
Качкын
Сырын
Каныбек
Орунбек
Керимбек
Шерболот
Канболот
Канат
Самат
Баймырза
Биймырза
Алтынбек
Элдияр
Кубат
Мурат
Азамат
Баксултан
Адилет
Кадырбек
Жыргалбек
Рыспек
Жеңишбек
Кубанычбек
Бексултан
Баястан
Курманбек
Улан
Усман
Дөөлөт
Эсенбек
Эрлан
Умар
Марат
Ренат
Максат
Эрмуханбет
Баяман
Даулет
Дастан
Темирлан
Агахан
Зарыпбек
Бакытбек
Базылбек
Чолпонбек
Айбек
Бакай
Төлөгөн
Аскат
Байтур
Батырбек
Самат
Нурмат
Нурмырза
Нурсултан
Алтай
Манас
Арслан
Адил
Эмир
Көчөр


## Карбоз атанын бир тууганы Шанабайдан тарагандар







Топчубек уулу Кудаштын (Сартбаев Кудаш) айтуусу боюнча

## Карбоз атанын бир тууганы Койчумандан тарагандар




Назаралиев Өзгөнбайдын айтуусу боюнча

## Карбоз атанын бир тууганы Ажыбектен тарагандар



## МАЗМУНУ

Карбоз Ата......3
Карбоз байдын ашы......9
Карбоз атанын урпактары......19
Жалдуу Каба......25
Каба уулдары - Актери, Бостери баатырлары......29
Каба уулу хан Садыр......32
Саяк уруусу......35
Генеологиялык таблицалар......40

**Орунбеков Бакыт**

# КАРБОЗ
# ЖАНА
# БАБАЛАРЫ

**Публицистикалык-тарыхый, санжыра-очерк**

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактор: Ч.Орокова
Компьютердик калыпка салган: Б. Нурсултан

Басууга 1.08.2014-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84
Көлөмү 10,375 б.т. Нускасы 300. Заказ №901.

"Турар" басмасынын басмаканасында басылды.